**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

## Табият таануу,дене тарбия, туризм жана агрардык технологиялар институту

## Химия жана химиялык технологиялар кафедрасы

## 520100-химия адистигиндеги магистрлерге “Фармацевтикалык препараттардын химиясы” дисциплинасынын

# ОКУТУУ ПРОГРАММАСЫ
**(Syllabus)**

| | | | |
|---|---|---|---|
| **Адистиги (багыты)** | **520100- Химия (Магистратура)** | **Курстун коду** | **Б.2.5.** |
| **Окутуу тили** | **Кыргыз** | **Дисциплинасы** | **Фармацевтикалык препараттардын химиясы** |
| **Академиялык жыл** | **2025-2026** | **Кредиттин саны** | **3** |
| **Окутуучу** | **Х.и.к.,доцент Кенешов Б.М.** | **Семестри** | **III** |
| **E-Mail** | (0558)-68-47-88 bkeneshov63@ mail.com | **“ОшМУ, Студент” тиркемеси боюнча жадыбал** | **310** |
| **Консультациялар (убагы/ауд)** | **$15^{30}$-$17^{00}$ , ар жуманын шаршемби күндөрү** | **Орду (имарат/ауд.)** | **219-аудит** |
| **Окутуунун түрү (күндүзгү/сырттан /кечки/дистантты к)** | **Күндүзгү** | **Курстун тиби:(милдеттүү/ элективдүү)** | **Милдеттүү** |

**550100- табигый илимий билим берүү**
**(профили –химия) боюнча программа жетекчиси: Гаффорова Х.**

## 1.Түшүндүрмө кат

Магистратураны бүтүрүп, фармацевтика багытындагы колледждерде, ЖОЖдордо сабак берүү, илимий изденүүчүлүк менен алектенүүнү максат кылган адистер үчүн фармацевтикалык каражаттардын химиясын окутуу максатка ылайыктуу болуп саналат. Аталган дисциплинаны окутуу менен, дары катары пайдаланылуучу заттардын физико-химиялык касиеттерин, түзүлүшүн, алынышын, сандык жана сапаттык анализдөө методдорун, фармакологиялык активдүүлүктөрүн окуп үйрөнүшөт. Себеби, дары-дармектердин көпчүлүгү химиялык синтездөө жолдору менен алынса, айрымдары өсүмдүк жана жаныбарлардын органдарынан химиялык жолдор менен бөлүнүп алынат. Мындан сырткары дарылоонун айрым методдору да химияга таянат. Мисалы: химиотерапия, фитотерапия, радиациялык нурдантуу ж.б.

Фармацевтикалык препараттардын химиясы дисциплинасы - химиянын башка бардык тармактары жана медико-биологиялык диciплиналар: фармакология, фармакогнозия, фармтехнология, математика, физика, ж.б. предметтер менен тыгыз байланышта өнүгөт.

Аталаган дисциплина жумуш берүүчүлөрдүн (медицина факультетинин жана медициналык колледждердин) сунуштарын эске алуу менен киргизилген.

## 1. Дисциплинанын максаттары:

**А).** Фармацевтикалык препараттардын химиялык курамын, алынышын, физикалык, химиялык касиеттерин, өздүгүн жана жагымдуу сапаттарын анализдөөнүн химиялык методдору боюнча билим берүү.

**Б**). Алган билимдерин илимдин жана өндүрүштүн тиешелүү тармактарын өнүктүрүүгө салымын кошо алуучу, учурдун талабына шайкеш келген адистердин калыптануусуна багыт берүү.

**2. Диciплинаны өздөштүрүү менен магистрант төмөнкү окутуунун натыйжаларына ээ болот.**

**Магистрант билет:**

- фармацевтикалык препараттардын алынуу булактарын, физикалык кастеттерин, өндүрүүдөгү химиялык методдорун, башка илимдер менен байланышын;
- дары каражаттарынын классификациясын, алардын негизги өзгөчөлүктөрүн, заманбап анализдөө, изилдөө методдорун;
-дары каражаттарынын өздүгүн (подлинность) жагымдуу сапаттарын (доброкачественность) жана сандык анализин аныктоо методдорун;

**Жөндөмдүүлүккө ээ болот:**

- керектүү адабияттардан маалыматтарды топтоп, пайдалана алат;
- химиялык эксперименттерди, анализди аткарууда колдонулуучу аппаратураларды, инструменттерди, заманбап методдорду колдоно билет;
- өз алдынча заманбап методдорду колдонуу менен препараттарга химиялык анализ жүргүзө алат;

**3.Мурдагы реквизиттер:**“Бакалавр” программасындагы: органикалык эмес химия, органикалык химия, аналитикалык химия, биоорганикалык химия, химиялык технология.

**4.Кийинки реквизиттер:** Изилдөөнүн физико-химиялык методдору, биоактивдүү заттарды анализдөөнүн хроматографиялык методдору, магистрдик диссертацияларга байланышкан практикалар.

### Дисциплинанын технологиялык картасы (М1) (2-курс, 3-семестр)

| Дисциплина | Кредит | Ауд.саат | МӨАИ | 1-модуль (50 балл) | | | | Экзамен (50 балл) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Косметикалык каражаттардын химиясы** | 3 | 40% | 60% | Ауд. саат | | МӨАИ/ МОӨАИ | АТ (г) | ЖТ (Е) |
| | | | | лек. | Лаб. | | | |
| ЖББЦ/ООЦ | 90с | 36 | 54 | 14 | 22 | 49/9 | | |
| Балл топтоо картасы | | | | 10 | 16 | 15/9 | 50 | |

| | | |
|---|---|---|
| Модулдардын баллдарынын натыйжалары жана сынак | (M=tcp.+r+s) 50/ 50гө чейин | 50 |
| | Rдоп. = M1 (30-50) | |
| Жыйынтык баалоо | I = Rдоп. + E | 100 |

## 5.Дисциплинанын календардык-тематикалык планы

| Жума | Темалар | Сааттардын бөлүнүшү | | | Текшерүү формалары | Упайлары | Ресурстар, шилтеме-р |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | лекция | Лабора-тория | СӨАИ | | | |
| 1. | **1-тема.** Фармацевтикалык препараттар боюнча жалпы маалыматтар.Дары каражаттарынын (ДК) алынуу булактары. | 2с | - | 5с | Реферат,оозеки суроо-жооп | 5у | Адабият-тар |
| 2. | **2-тема.** ДКна сапаттык жана сандык анализ жүргүзүү методдору. Жагымдуу сапаттарын жана өздүгүн аныктоо. | 2с | 2с | 5с | Реферат,оозеки, жум.баалоо | 5у | 1,2,3, 4,5 |
| 3. | **3-тема.** ДКнын классификациясы. Органикалык эмес ДКтар. S-элементтердин дары каражаттары. | 2с | 2с | 5с | Реферат,оозеки | 5у | 1,2,3, 4,5 |
| 4. | **4-тема.** Д.И. Менделеевдин мезгилдик системасындагы P-элементтеринин дары каражаттары. | 2с | 4с | 5с | Реферат, суроо-жооп | 5у | 1,2, 4,5 |
| 5. | **5- тема.** Д.И. Менделеевдин мезгилдик системасындагы d-элементтердин дары каражаттары. | 2с | 4с | 6с | Реферат, суроо-жооп | 5у | 1,2,3, 4,5 |
| 6. | **6- тема.** Органикалык ДКтар, алардын алынуу булактары, классификациясы жана анализдөө методдору. | 2с | 2с | 5с | Реферат,теңдеме жазуу | 5у | 1,2, 4,5 |
| 7. | **9-тема. А**роматикалык, гетероциклдик бирикмелердин туундулары, дары каражаттары | 2с | 2с | 6с | Реферат, оозеки суроо-жооп | 5у | 1,2,3, 4,5 |
| | **Жыйынтыгы:** | **14с** | **22с** | **28с** | Комплекс. тапшырма | **25у** | |

## 6. Дисциплинанын окуу-усулдук жактан камсыздалуусу

### Негизги адабияттардын тизмеси:

1.Беликов В.Г. Фармацевтическая химия. –М: “Высшая школа”2008.
2.Избранные лекции по фармацевтической химии. Пермь.ПГФА , 2006.
3.Фармацевтическая химия, под ред. А.П.Арзамасцева М.: ГЕОТАР-Медиа, 2005
4. Глушенко Н.Н., Плетнева Т.В., Попков В.А., “Фармацевтическая химия” М:, 2013.
5.Мелентьева Г.А., Антонов Л.А. Фармацевтическая химия. –М: “Высшая школа”2003.
6. Руководство к лабораторным занятиям по фарм. химии. Под ред. А.П.Арзамасцева,

7.Лабораторные работы по фарм. химии. Под ред. Беликова В.Г. М.: Медицина, 1989

**Кошумча адабияттардын тизмеси:**

7.Максютина Н.П., Коган Ф.Е и др. Методы анализа лекарств. –Киев: Здоровье 1984
8.Орехов А.П. Химия алкалоидов растений СССР . М.: Медицина, 1965
9.Машковский М.Д. Лекарственные средства . М.: 1984 ч.I , II

**7. Академиялык жетишүүнү баалоо шкаласы**

| **Рейтинг (баллдар)** | **ECTS боюнчабаалоо системасы** | **Баллдардын сандыкэквиваленти** | **Традициялык баалоо** |
|---|---|---|---|
| 87-100 | A | 4,0 | Эң жакшы |
| 80-86 | B | 3,33 | Жакшы |
| 74-79 | C | 3,0 | |
| 68-73 | D | 2,33 | Канааттандырарлык |
| 61-67 | E | 2,0 | |
| 31-60 | F | 0 | Канааттандырарлык эмес |

**8. Упай берүү саясаты**

- Учурдагы текшерүү, аралык текшерүү жана өз алдынча иштерди аткаруу баалоо критерийлери боюнча бааланат.
- Биринчи жана экинчи модулдардын жыйынтыгы боюнча топтолгон упайлардын жалпы санына тапшырмаларды өз убагында аткаргандыгы үчүн кызыктыруучу упайлар кошулат.
- Тапшырмаларды өз убагында аткарбагандыгы үчүн бул баалоо тапшырмасы боюнча жалпы баллдан упайлар азайтылат. Тапшыруу мөөнөтү аяктагандан кийин тапшырма кабыл алынбайт. Күтүлбөгөн жагдайлар (оору же жүйөлүү себеп) болгон учурда, эгерде дисциплинанын окутуучусуна тастыктоочу документтер (медициналык маалымкат, расмий арыз) берилсе, жумуш белгиленген мөөнөттөн кийин кабыл алынышы мүмкүн.
-Академиялык чынчылдык принциптерин сактабоо баалардын төмөндөшүнө же жумуштун жокко чыгарылышына алып келет.

**9. Курстун саясаты**

**Катышуу.** Сабактарга катышуу милдеттүү болуп саналат. Студенттер бардык сабактарга өз убагында келип, керектүү адабияттарды өздөштүрүү менен даярдануусу, өз оюн ачык-айкын айтуу, башкалардын пикирин урматтоосу керек.

**Академиялык чынчылдык.** Академиялык чынчылдык жана ак ниеттик абийирсиздикке барбоо милдеттенмесин камтыйт: көчүрүү, плагиат, башка бирөөнүн эмгегин өзүнүкүндөй өткөрүп берүү, булактарды шилтемесиз пайдалануу, башка студенттердин академиялык абийирсиздигине салым кошуу ж.б.у.с. ОшМУнун академиялык чынчылдык саясатынhttps://www.oshsu.kg/ru/page/9дарегинен тапса болот

**Студенттердин жүрүм-туруму.** Аудитория расасына/улутуна, диний ишенимине, социалдык-экономикалык абалына, ж.б. карабастан билим алуу үчүн коопсуз жер болуп саналат. Бейбаштыкка жана куугунтукка жол берилбейт. Эгер кордоо же куугунтук байкасаңыз, окутуучуга, ОшМУнун акыйкатчы аппаратына кабарлаңыз. https://base.oshsu.kg/t_mail/ шилтемеси аркылуу ОшМУнун ректорунун ишеним кутучасына маалымат берсеңиз болот. Башкалардын окуусуна тоскоол болгон жүрүм-турумга, окутуучу сабак берип жатканда окуу максаттарынан башка аракетте болууга, уюлдук телефонду колдонууга жол берилбейт.

**Көйгөйлөрдү чечүүнүн тартиби.** Дисциплинаны окуу процессинде пайда болгон ар кандай суроо биринчи кезекте окутуучу менен талкууланышы керек. Эгерде эки тарапка тең ылайыктуу чечимге жетишүү мүмкүн болбосо, анда маселени программанын жетекчиси менен талкуулоого болот.